4.1 Сүлүктү шаарынын 2022-2026-жылдары социалдык-экономикалык өнүктүрүү стратегиясынын долбоору иштелип чыкты. Шаардык кеңештин сессиясында бекитилет.

4.3 Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын жаңы мыйзамы кабыл алынып, ЖӨБОнын башчыларынын ыйгарым укуктары кеңейтилди. Тактап айтканда шаар мэрлерин Президент дайындайт, ал эми мэрлер мамлекеттик башкаруу органдарынын тийиштүү аймактагы бөлүмдөрүнүн жетекчилерин өз алдынча кызматка дайындайт жана бошотот. Бул норма жергиликтүү бийликтин жоопкерчилигин жогорулатуу менен жер жерлерде мамлекеттик мекеме, ишканалардын аткаруучулук тартибин чыңдайт, көзөмөл күчөйт.

4.4 Бюджеттик камсыздоону жогорулатуу боюнча тийиштүү чаралар көрүлүп, бардык мүмкүнчүлүктөр пайдаланууда. Натыйжада 2021-жылы шаардын жергиликтүү бюджети 101,2% аткарылды.

5. Актуалдуу көйгөйлөр жана аларды чечүү боюнча сунуштар

| № | Багыт/милдет | Көйгөйлөр | Чечүү жолдору |
|---|---|---|---|
| 1 | Шаар калкын турак-жай, жер менен камсыздоо | Турак-жай же жер бөлүп берүү. | 1991-жылдары Сүлүктү шаарынын 6-шахта, Шурчак, Макаевская көчөлөрүндө жер көчкү жүрүп, ошол кооптуу жерлерде жашаган тургундарды Лейлек районунун Тогуз-Булак айыл аймагынан 114га жер бөлүнүп берилип, көчүрүлгөн. Азыркы күндө 60га жерде Сүлүктү шаарынан көчүрүлгөн жарандар жашап келүүдө. Ал жер Кенчи айылы деп аталган. Бирок убагында ошол жерди шаарга өткөрүү маселеси чечилбей калган. Шаардын жерге муктаж жарандарга жер бөлүп берүү максатында ошол аймактагы 114гектардын ичиндеги 41га жерди трансформация кылганбыз. Бирок Лейлек району бүгүнкү күндө талашууда.<br>Аталган жерлерди Сүлүктү шаарына өткөрүп берүү үчүн жергиликтүү кеңештин чечими, андан кийин КР Жогорку Кеңешинин, КР Министрлер Кабинетинин чечимдери, токтомдору керек. Бирок Тогуз-Булак айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши макулдук берген жок. |
| 2 | | | Сүлүктү шаарынын генералдык планын иштеп чыгуу үчүн 5,0 млн. сом бөлүнүп берилген. Шаар калкын жайгаштыруу максатында анын административдик аймагын кеңейтүү үчүн Кароол участкасынан 600га бөлүп берүү пландаштырылган. Анын ичинен 523,8га Лейлек районунун Исфана шаарына, 52га Кулунду айыл аймагына жана 24,2га Сүлүктү шаарына караштуу. Аталган жерлерди Сүлүктү шаарына өткөрүп берүү үчүн аталган жергиликтүү кеңештердин чечимдери, андан кийин КР Жогорку Кеңешинин, КР министрлер кабинетини чечимдери, токтомдору керек. Бирок Исфана шаардык кеңеши менен Кулунду айылдык кеңеши макулдук бербей келүүдө. |
| 3 | Орууканага кошумча имарат ачуу | Пандемия учурунда кошумча стационардык имараттарды | Ооруканaнын эски терапия бөлүмүнүн имаратын капиталдык ремонттоо менен ишке киргизүү үчүн республикалык бюджеттен 10573,0 млн. сом каражат бөлүп берүү зарыл. |